"Бекитемин"

Мектеп директору __________ Ө.Кожобеков

3.09.2021-ж

А.Кулубаев атындагы №64 Дардак-Дөбө жалпы негизги билим берүүчү мектебинин математика предмети боюнча текшерүү иштери жана өз алдынча иштерди баалоонун нормативдери.

Текшерүү иштерди жана өз алдынча иштерди баалоонун чен-өлчөмдөрү

"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

- тапшырманы толугу менен аткарса;
- логикалык ой жүгүртүүдө жана чечимди негиздөөдө каталар жана жетишпестиктер жок болсо;
- чыгарылышта математикалык каталар жок (бир ката бар болушу мүмкүн, ал окуу материалын билбегенден же түшүнбөгөндөн эмес).

"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

- тапшырманы толугу менен аткарса, бирок чечимдердин кадамдарынын негиздөөлөрү жетиштүү эмес;
- сүрөттөрдө, чиймелерде эки же үч жетишсиздик, каталар бар болсо. "3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:
- бирден көп ката кетирсе;
- чиймелерден, сүрөттөрдөн үч же төрт жетишсиздиктер бар болсо;
- текшерилип жаткан тема боюнча милдеттүү билгичтиктерге ээ болсо.

"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

- берилген тема боюнча милдеттүү билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөтсө;
- жеткиликтүү каталарды кетирсе.

Оозеки жоопторду баалоонун чен-өлчөмдөрү

"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

• китепте жана программада каралган көлөмдө материалдын мазмунун толугу менен ачса;

• белгилүү логикалык ырааттуулукта математикалык терминология жана символиканы так пайдалануу менен сабаттуу тилде берсе;

• жоопторго жардам берүүчү сүрөттөрдү, чиймелерди, графиктерди туура аткарса;

• жалпылоо жана тыянак чыгаруу белгилүү фактыларга таянса, окуу китебиндеги мисалдар менен гана тастыкталбастан кошумча адабияттан, айлана-чөйрөдөгү жекече байкоо жүргүзүүнүн негизинде дагы тастыктаса;

• негизгисин башкасынан бөлүп караса;

• өзүнчө фактыларды жалпылоолордон айырмалай билүүнү көрсөтсө;

• кошумча суроолорго жооп берүүдө 1-2 так эместикти кетирсе;

• мугалимдин эскертүүсүнөн кийин каталарды жеңил оңдосо.

"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

• негизги материалды, ошондой эле орчундуу майда-бараттарды билүүдө «5» деген баа алгандай өздөштүрсө, бирок материалды түшүндүрүп берүү ыкмаларында жана мазмунунда кээ бир кемчиликтерди кетирсе. "3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

• мектеп программасынын чегинде негизги материалга тиешелүү жеткиликтүү терең билимдери бар болсо;

• материалдын мазмунун терең чече албаса;

• программанын башка суроолору боюнча каталарды кетирсе;

• өзү кошумча суроолорго жооп берүү менен оңдой алса. "2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:

• берген жообу, кетирген каталары жогоруда коюлган талаптарды канааттандырбаса;

• жыйынтыгында одоно каталар фактылык материал жөнүндө начар билими тууралуу күбөлөндүрсө;

• кошумча суроолорго дагы жооп бере албаса

**Математика мугалими : Г.Жунусова.**